***Батаканова Светлана Топчиевна***
***педагогика илимдеринин доктору***
***К.И. Скрябин атындагы кыргыз улуттук***
***агрардык университети***

## СОВЕТБЕК БАЙГАЗИЕВДИН ««МАНАС» ЭПОСУ: КАНЫКЕЙДИН УЛУУ МАХАБАТЫ ЖАНА АНЫН ОБРАЗЫНЫН РУХИЙ - АДЕПТИК, ПАТРИОТТУК САБАКТАРЫ» АТТУУ КИТЕБИ ТУУРАЛУУ ЖЕ КАНЫКЕЙДИН ОБРАЗЫ XXI КЫЛЫМДЫН КЫЗ-КЕЛИНДЕРИНЕ ҮЛГҮ ЖАНА НУСКА

***Батаканова Светлана Топчиевна***
***доктор педагогических наук***
***Кыргызский национальный аграрный***
***университет***
***имени К.И. Скрябина***

## О КНИГЕ СОВЕТБЕКА БАЙГАЗИЕВА «ЭПОС «МАНАС»: ВЕЛИКАЯ ЛЮБОВЬ КАНЫКЕЙ И ЕЕ НРАВСТВЕННЫЕ, ПАТРИОТИЧЕСКИЕ УРОКИ ЕЁ ОБРАЗА ИЛИ ОБРАЗ КАНЫКЕЙ - КАК ПРИМЕР ДЛЯ ДЕВУШЕК XXI ВЕКА

***Batakanova Svetlana Topchievna***
***doctor of philological sciences***
***Kyrgys National University Agrarian University***
***named K.I. Skryabin***

## THE BOOK SOVETBEK BAYGAZIEV EPIC «MANAS»: LOVE KANYKEI AND HER MORAL, PATRIOTIC LESSONS OR KANYKEI IMAGE - AS THE IMAGE OF GIRLS IN THE 21ST CENTURY

***Аннотация:*** *Илимий макалада Советбек Байгазиевдин ««Манас» эпосу: Каныкейдин улуу махабаты жана анын образынын рухий - адептик, патриоттук сабактары» аттуу китеби талдоого алынат. Башкача айтканда, «Манас» эпосундагы Каныкейдин образы XXI кылымдын кыз-келиндерине үлгү экендиги айтылат. Аталган китеп бүгүнкү күндө абдан актуалдуу болуп, жаштар үчүн тарбиялык мааниси зор экендиги тастыкталат. Ошондой эле, Каныкейдин образы жаштарды ак ниет, кең пейил кечиримдүү, сабырдуу болууга, турмуштун ысык-суугуна туруштук берүүгө, чыдамкайлыкка үндөй тургандыгы айтылат.*

***Аннотация:*** *В статье проводится анализ книги С. Байгазиева «Эпос «Манас»: Великая любовь Каныкей и ее уроки духовно-нравственных, патриотических образов». Другими словами, отмечается, что образ Каныкей является образцом подражания для молодых женшин и девушек. Автор отмечает актуальность книги на современном этапе развития общества, ее большое воспитательное значение. Особенно такие человеческие качества как добро, великодушие, терпение, умение противостоять жизненным невзгодам по мнению автора, помогут подрастающему поколению не только противостоять негативным тенденциям совре-*

*менности, но и укрепят духовно-нравственные идеалы молодежи.*

***Annotation:*** *The article analyzes the book S.Baygazieva ««Epic «Manas»: Great love Kanykei and her lessons of spiritual and moral, patriotic images». In other words, it is noted that the image Kanykei is a role model for young women and girls. Author notes the relevance of the book on the modern stage of development of society, its great educational value. Especially such human qualities as goodness, generosity, patience, the ability to resist the ills of life according to the author, will help the younger generation not only to counter the negative trends of our time, but also to strengthen the spiritual and moral ideals of youth.*

***Түйүндүү түшүнүктөр***: *этнопедагогика, рухий-адептик, идеал, патриотизм, тарбия, кең пейил, улут, чыдамкайлык, сабырдуулук, достук,махабат, Ата-Журт.*

***Ключевые слова:*** *этнопедагогика, духовно-нравственные идеалы, патриотизм, воспитание, великодушие, терпение, дружба, нация, любовь, родина.*

***Key words:*** *ethno pedagogy, spiritual and moral ideals, patriotism, upbringing, generosity, patience, friendship, nation, love, birthplace.*

Ар бир элдин руханий деңгээли энелердин тарбиясына, акылына, адебине, маданиятына байланыштуу болот. Андыктан кыргыз эли «Атасы жаман оңолот, энеси жаман эзели оңолбойт» деп энесине карап баа беришкен. «Эшигин көрүп, төрүнө өт, энесин көрүп, кызын ал» деген нуска кеп дагы ошондон калган. Ушул өңүттөн алып караганда, окумуштуу Советбек Байгазиевдин «Манас» эпосу: Каныкейдин улуу махабаты жана анын образынын рухий-адептик, патриоттук сабактары» аттуу китеби бүгүнкү күн үчүн абдан актуалдуу, жаштар үчүн тарбиялык мааниси зор.

Аталган китеп окурмандардын жан дүйнөсүнө жакшылыктын үрөнүн өндүрүп, адамгерчиликтин шооласын чачырытып, чындыкты коргоп калууга үйрөтөт, досчулук сезимди ойготот. Кыз-келиндерди ак ниет, кең пейил кечиримдүү, сабырдуу болууга, турмуштун ысык-суугуна туруштук берүүгө, чыдамкайлыкка үндөйт. Аларды үйдүн куту, уянын оту болууга тарбиялайт. Аял - түгөнбөгөн береке, кемибеген кут экендиги, ар бир үйдүн берекелүү куту болуп, коломтонун отун өчүрбөй, казаны отто, дасторкону жайылуу, түндүгү ачылуу болушуна чакырат. Чындыгында, аялзатынын кең пейилдиги, мээрими, сабырдуулугу, кечиримдүүлүгү, чыдамкайлык сапаттары аркылуу улуттун улут болушуна жарыгын тийгизип келет. Мына ушундай аялзаты бар үчүн, эл эл болуп, улут улут болуп, мамлекет солкулдабай, жер огунан чыгып кетпей, дүйнө түркүгү жер тамырына жуурулушуп, бекем турат.

Кыргыз элинин этнопедагогика илиминде мыкты аялдарды баалоонун салттуу түшүнүктөрү бар. Ошол салттуу түшүнүктөр Каныкейдин образы менен шайкеш келип, бүтүндөй бир гармонияны түзүп турат. Аялдардын эң мыктысын, ак уул, кызыл кыздын энесин «алтын согончок, жес шыргый» деп аташса, келбетинине карата «ак жоолук делбир», акылман аялдарды «акылгөй тараз» деп аташкан. «Зайыпзаттын паашасы, кең көйнөктүн тазасы, кара сурдун сулуусу, адамзаттын нурдуусу» Каныкейдин образы жаш муундар үчүн өрнөк, үлгү жана нуска.

Буга чейин илимий изилдөөлөрдө Каныкейдин образы тууралуу жалпыланган түрдө мүнөздөмөлөр берилип келген. Ал эми окумуштуу Советбек Байгазиев аталган китебинде Каныкейдин образын этикалык өңүттөн туруп, терең, ар тараптан талдоого алган. Ошондой эле, Каныкейдин рухий зор масштабын жана ар тараптуу маани-маңызын ачып берген. Айрыкча, Каныкейдин энелик сапатын, жөн билги билимдүүлүгүн, үй-бүлө, бала дегенде баарына түтө тургандыгын, баарынан кечирерин, тастыктаган. Ай-

рыкча, анын адамдык нарк-насилин, колунан көөрү төгүлгөн уздугун, Манаска болгон улуу махабатын, Каныкейдин образынын эпосто көтөрүп жүргөн руханий, адеп-ахлактык, патриоттук-философиялык дөөлөттөрүн чечмелеп көрсөткөн. Өзгөчө, Каныкейдин образынын бүгүнкү муундарга көрсөткөн насыяттарын, адеп-ахлактык сабактарын, өрнөктөрүн жогорку деңгээлде баяндап берет. Эң негизгиси, XXI кылымдын кыз-келиндерине Каныкейдин образы үлгү, нуска жана жалпы эле окурмандар үчүн тарбиялык мааниси зор экендигине токтолот.

Чындыгында, С. Байгазиевдин бул эмгеги ааламдашуу мезгилинде бүгүнкү күн үчүн актуалдуу болуп, заманбап жазылып, бүгүнкү күндүн көйгөйлүү маселелерине жооп берет десек жаңылышпайбыз. Эң негизгиси, автор биринчи жолу Каныкейдин образын адеп-ахлактык аспекиден өзүнчө аналитикалык талдоого алган жана жогорку чеберчиликте, терең чечмелеген. Каныкейдин образы өзүнүн өзөгүндө көтөрүп турган улуу ойлору жагынан да, манасчылар тарабынан кооздолуп, көркөм иштелиши жагынан да «Манас» эпосунун идеялык-эстетикалык парасатын бийикке көкөлөтүп, көтөрүп турган борбордук образдардын бири», - дейт автор. (С. Байгазиев «Манас» эпосу: Каныкейдин улуу махабаты жана анын образынын рухий-адептик, патриоттук сабактары. – Б.: 2013, 3-б.).

Манас менен Каныкей үйлөнүшкөнгө чейинки бири-бирине болгон арзуу сезимин автор тексттен бекемдейт. Каныкей Манастын ички дүйнөсү тунук экендигин ичинде терең туят. Манастын Орто Азиядан Алооке баш болгон калмак-кытай баскынчыларын кубалап, өз ата-журтун жоодон бошотуп, элин эркиндикке чыгарып, «кулаалы жыйып куш кылган, курама жыйып, журт кылган» патриоттук эрдигин, атуулдук айкөлдүгүн, чыныгы атуулдук касиетин алыстан туруп, жогору баалап, көйкашка баатырдын даңазасына сукталып келгендигин «Чарпышкандын баарына, чаркы жетер эр экен» деп, Каныкей түпкүлүгүндө Манастын Букарга да калка болоруна көзү жетип турат. Ошондуктан, Каныкей Манаска карап: «Бактыма төрөм табылдың, кара башым чын тартуу, баатырым сенин жолуңа» – деп, агынан жарылып берет.

Этнопедагогикада «ак көрпө жайыл» деген түшүнүк күйөөсүн абдан кадырлаган, ала жипти аттабаган, жүрүм-туруму айыпсыз Каныкей сыяктуу аялдарга карата айтылган. Каныкейдин улуу махабатын, ошондой эле, Каныкей Манас баатырга жардам берген, акыл айткан мыкты кеңешчи экендигин, анын патриоттук сезимин, эрдигин Манас баатыр менен бирге кыргыз элинин азаптозогун, түйшүгүн бирге көтөргөндүгүн мисалдар менен далилдеп берген. Ал эми Каныкейдин уздук өнөрдүн чебери экендигине кенен токтолот. «Өзүм бала секелек, жашым он экиден өтө элек, ургаачыдан уз кезде, ойноо бала кыз кезде, тулпар оозун бурганда, туйлап ойноп турганда, падышалык Букарга, өзүм буйрук кылгамын, Букардын кызын жыйгамын» деп кайненеси Чыйырдыга аңгеме курганын, ошол узчулук өнөрү кийин келин болгондо, өркүндөгөнүнө токтолот. Ага мисал катарында: Кандагай шым жөнүндө айтса болот. Көкөтөйдүн ашында Кошой менен Жолой кармаша турган болгондо, кокус Кошой абам кийип калбасын деп, Каныкей Манастын кандагай шымын кенен жасап, жымыйта капшырып тигип койгон. Каныкейдин көрсөтмөсү менен ошол бүктөмдү жазып жибергенде, кандагай шым Кошойго куюп койгондой чак келип, толкуп турган көпчүлүк канышанын бул акылгөй айлакерлигине ого бетер уу-дуу болуп, кубанышкандыгын мисалдар менен чечмелейт. Кошойдун Каныкей жөнүндө: «Сөөмөйү алтын уз экен, ургаачыда болбойт го, өзү олуя киши экен, касиеттүү кабыланга кадыр түндүн өзү экен» - деп алкап, «балалуу бол», деп бата

берет. Көкөтөйдүн ашында Манастын Коңурбайды жеңишинде «чапса кылыч кеспеген, сайса найза тешпеген» Ак олпоктун касиетин жогору чеберчиликте көрсөткөн. Ал эми Каныкейдин бийик дипломатиясын даңазалагандыгын айтпай коюуга болбойт. Мисалы: Бакай, Кошой, Алманбет, Чубак, Сыргак сыяктуу элдик баатырларды «абаке», «олуя», «берендер», «асылдар» деп жогору баалап, алардын алдында башын ийип тургандыгына токтолуп, кайненеси Чыйырды жөнүндө «карап турсам кардым ток, көрүп турсам көөнүм ток» деп, баарын Манастын айланасына бириктирген күчкө айланганына автор баа берет. Каныкейдин камкор, сарамжалдуулугу жоокерлердин башына кыйынчылык түшүп, арып-ачканда жей турган гүл азык камдап, түрдүү дары-дармектерди баатырлардын жанына салып бергендигин мисалдар менен бекемдеген. Мисалы: Алманбет Чоң казатта жарадар болгондо, Каныкей берген дары менен күч-кубат алып, кайрадан майданга кирет, Каныкей жасаган Алгаранын кебин Саралага кийгизип, душманды чегиндирет. Элибизде Каныкейдин мындай сапаттарын «жайыл дасторкон» деп аташкан.

Каныкейдин энелик жүрөгү согушка каршы экендигин, анын гумандуулугун Бээжинге барып, «алакандай кыргыз эл, бекер кыргын болбосун» деп Чоң казаттын кыргызга алып келер кесепетин сезгендигин белгилейт. Ошондой эле, Каныкейде алдыда боло турган жакшылык, жамандыкты сезип турган көзү ачыктык бар экендигин тексттен мисалдар менен тастыктайт. Мисалы, Манастын Чоң казатка аттанышына Каныкейдин каршы тургандыгы да ошого байланыштуу. Манас Бээжинди алып, такка отурду деген кабар Каныкейди кубантпайт, тескерисинче баатырлардан ажырап калбасын деп сарсанаа болот. Жоокерчилик заманда тулпардын кандай мааниге ээ экендигин жакшы түшүнгөн Каныкей Аккулага «күрүчтөн күрмөк жем берип, күндө терин алып», дайыма саяпкерлик кылгандыгы белгиленет.

Каныкейдин акылмандыгы, чечкиндүүлүгү, сабырдуулугу жана көтөрүмдүүлүгү, акактай тунук жан дүйнөсү сыяктуу сапаттары Каныкейдин Манастан айрылышы же жубайлык жана адамдык милдетти өтөөнүн жогорку өрнөгү, Манастын ордосунун кыйрашы, куугунтуктагы Каныкей же «шумкар» менен жыландын ортосундагы кандуу кагылыш, Каныкейдин Ала-Тоо менен коштошуусу жана Ата-Журт жөнүндөгү улуу санаа же Семетей кыргыз элинин үмүтү, сексендеги Чыйырды эненин бороонду беттеп чыгышы же Бакайдын көз жашынын сыры деген бөлүмдөрдө жогорку чеберчиликте көрсөтүлгөн.

Корутундуда Каныкейдин асыл сапаттарын: энелик улуу касиетин, Манаска болгон аруу махабатынын күчүн, атуулдук сезиминин бийиктигин б.а., өзүнүн элинин түйшүгүн, азап-тозогун тең көтөргөндүгүн, сырткы келбети менен ички рухий дүйнөсүнүн гармониясын, сөзү менен ишинин биримдигин, анын даанышмандыгын, патриоттуулугун, ар-намыстуулугун, кадыр-барк сезиминин жогорулугун тексттен мисалдар менен бекемдеп берген. Кыскасы, Каныкейдин образы улуттук, ошону менен бирге жалпы адамзаттык маанидеги универсалдык улуу рухий-адептик кенчтерди алып жүрүүчүсү, ушундай касиети менен «Манас» эпосунун идеялык деңгээлин бийикке көтөрүп, аны дүйнөлүк классиканын даражасына чыгарып турган жаркын кейипкер экендигин далилденген.

**Адабияттар:**


1. Айтматов Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу «Манас», 1-китеп. Ф.: 1984. -254 б.
2. Байгазиев С. «Манас» эпосу: Каныкейдин улуу махабаты жана анын образынын рухий-адептик, патриоттук сабактары. –Б.: 2013, 88 б.
3. «Манас» С. Каралаевдин варианты боюнча. – Ф.: Адабият, 1991. -295 б.
4. «Манас» энциклопедиясы. – Б.: 1995, -220 б.
5. Кыргыз адабиятынын тарыхы.. Т.2. «Манас» жана манасчылар.-Б.: Шам, 2002, -616 б.